КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО

Каракол айыл аймагынын айылдык Кенешинин кезектеги XV - сессиясына сунушталган № 198 ТОКТОМУ

28- октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Талас райондук өнүктүрүү фондусуна долбоор өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык Каракол айыл аймагындагы өзгөчө кырдаалдар учурундагы атайын айыл чарба техникаларына керектелүүчү күйүүчү жана майлоочу майлар менен камсыздоо максатында айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Өзгөчө кырдаалдар учурунда "Каракол таза аймак" МИнын спец. техникаларын күчтөө, муниципалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга керектелүүчү күйүүчү жана майлоочу майлар менен камсыздоо максатында Талас райондук өнүктүрүү фондусуна долбоор жазууга уруксат берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин **бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына** жүктөлсүн.

4. Ушул токтом мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрагым Э.Р.Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 199 ТОКТОМУ

28- октябрь 2026-жыл Арал айылы

«Каракол айылдык кеңешинин 2025-жылдын 15-октябрындагы № 146 токтомунун негизинде "Кыргызалтын" ААК тарабынан социалдык жардам катары берилген акча каражаттарын дем берүүчү улуттук гранттын алкагындагы долбоордун оздук салымы катары багыттоо жөнүндө»

Каракол айыл аймагында социалдык жана маданий инфраструктураны жакшыртууга багытталган долбоорлорду ишке ашыруу, дем берүүчү улуттук гранттарга катышуу үчүн зарыл болгон өздүк салымды камсыз кылуу максатында, Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусун карап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин 2025-жылдын 15-октябрындагы № 146 токтому жетекчиликке алуу менен, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдарга ылайык, Каракол айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. «Кыргызалтын» ААК тарабынан социалдык жардам катары Каракол айыл аймагына берилген **1 900,0 (бир миллион тогуз жүз миң) сом** акча каражатынын ичинен **Көкүре-Базар айылындагы маданият үйүн капиталдык оңдоодон өткөрүү боюнча дем берүүчү улуттук гранттын алкагындагы долбоордун оздук салымы катары 1 300,0 (бир миллион үч жүз миң) сом** акча каражаты багытталсын.

2. Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн **1 300,0 мин сом** акча каражатын тиешелүү долбоордун оздук салымы катары каржылоого багытлоо Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына жана каражаттын максаттуу пайдаланылышына карата коюлган талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

3. Каракол айыл өкмөтүнө:

- долбоордун өздүк салымына багытталган каражаттарды тиешелүү эсепке алууну жана бухгалтердик эсепте чагылдырууну;
- долбоордун алкагында каражаттарды максаттуу жана натыйжалуу пайдалануусу;
- дем берүүчү үлүштүк гранттын шарттарына ылайык тиешелүү документтерди даярдоону жана тапшырууну;
- долбоорду ишке ашыруурга байланыштуу финансылык жана отчеттук документтердин белгиленген тартипте жүргүзүлүшүн камсыз кылуу **тапшырылсын.**

4 Долбоордун ишке ашырылышынын жүрүшү, анын ичинде бөлүнгөн **1 300,0 мин сом** акча каражатынын максаттуу пайдаланылышы жөнүндө маалымат Каракол айылдык кеңешине белгиленген тартипте берилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин **бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык меншик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына** жүктөлсүн.

6. Ушул токтом мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрайым **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 200 ТОКТОМУ

28- октябрь 2026-жыл Арал айылы

«Каракол айылдык кеңешинин 2025-жылдын 15-октябрындагы № 147 токтомунун негизинде "Кыргызалтын" ААК тарабынан социалдык жардам катары берилген акча каражаттарын дем берүүчү үлүштүк гранттын алкагындагы долбоордун өздүк салымы катары багытто жөнүндө»

Каракол айыл аймагында социалдык жана маданий инфраструктураны жакшыртууга багытталган долбоорлорду ишке ашыруу, дем берүүчү үлүштүк грантарга катышуу үчүн зарыл болгон өздүк салымды камсыз кылуу максатында, Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусун карап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин 2025-жылдын 15-октябрындагы № 147 токтомун жетекчиликке алуу менен, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдарга ылайык, Каракол айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. «Кыргызалтын» ААК тарабынан социалдык жардам катары берилген жалпы **1 900,0 мин сом** каражаттын пайдаланылбаган **600,0 (алты жүз мин) сом акча каражаты** Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жыйнаган долбоордун өздүк салымы катары багытталсын.

2. Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн **600,0(алты жүз) мин сом** акча каражатын тиешелүү долбоордун өздүк салымы катары карызсыз багытто Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына жана каражатты максаттуу пайдаланылышына карата коюлган талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

3. Каракол айыл өкмөтүнө:

- долбоордун өздүк салымына багытталган каражаттарды тиешелүү эсепке алууну жана бухгалтердик эсепте чагылдырууну;
- долбоордун алкагында каражаттарды максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу;
- дем берүүчү үлүштүк гранттын шарттарына ылайык тиешелүү документтерди даярдоону жана тапшыруу;
- долбоорду ишке ашырууга байланыштуу финансылык жана отчеттук документтердин белгиленген тартипте жүргүзүлүшүн камсыз кылуу **тапшырылсын.**

4. Долбоордун ишке ашырылышынын жүрүшү, анын ичинде бөлүнгөн **600,0 (алты жүз мин) сом** акча каражатынын максаттуу пайдаланылышы жөнүндө маалымат Каракол айылдык кеңешине белгиленген тартипте берилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин **бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына** жүктөлсүн.

6. Ушул токтом мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирсин

Төрайым **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 201 ТОКТОМУ

28-октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Талас райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталган долбоорлорго макулдук берүү жөнүндө

Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан Талас райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталган долбоорлор жөнүндө маалыматты угуп, долбоорлордун Каракол айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, калктын жашоо шарттарын жакшыртууга жана айыл аймагындагы инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталгандыгын талкуулап, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жетекчиликке алып, Каракол айылдык кеңешинин кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтү тарабынан Талас райондук өнүктүрүү фондусуна каржылоого сунушталып жаткан төмөнкү долбоорлорду ишке ашырууга жана фондунун каражатына киргизүүгө **макулдук берилсин.**

1. Көпүрө-Базар айылдык китепканасын заманбап моделдик китепканага айландыруу;
2. Каракол айыл өкмөтүнө жүгөрү чабуучу айыл чарба техникасын алуу;
3. Каракол айыл аймагына караштуу Арал, Үч Эмчек, Көпүрө-Базар айылдарындагы ичүүчү таза суу топтоочу жайларынын айланасын курчоо;
4. Каракол айыл аймагына караштуу Арал айылындагы Терек озонундо жайгашкан Жаңы-Арык арыгын бетондоо;
5. Каракол айыл өкмөтүнө караштуу Арал айылындагы А. Медетов атындагы маданият үйүнүн алдындагы бош жер гилкесине жайкы беседкаларды куруу;

6. Каракол айыл аймагына карашгуу Үч-Эмчек айылындагы Касым Каимов атындагы орто мектебинин ашканасынын чатырын жаңыртып жабуу.

7. Каракол айыл аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, аларга даярдык көрүү жана алардын кесепеттерин жоюу үчүн зарыл болгон техникалык жана коргоочу жабдуулар менен камсыз кылуу;

8. Каракол айыл өкмөтүнө карашгуу Көпүрө Базар айылындагы Көл-Арык жана Кайырма каналдарын бетондоо жана ондоп түзөө.

9. Көпүрө-Базар айылындагы "Дүйшөн ата" 3 сааттык бала бакчасынын имаратынын багытын озгөртүп, машыгуу залын ачуу жана тиешелүү жабдуулар менен камсыз кылуу.

10. Арал айылындагы Терек БСЧсуу топтоочу жайды) капиталдык ремонттон өткөрүү;

11 Р.Айдаралиев атындагы орто мектепте заманбап сапаттык билим берүү ,STEM жана "РОБОТОТЕХНИКА ДҮЙНӨСҮ"БОРБОРУН УЮШТУРУУ;

12. М.Сейталиев орто мектебинин тегерегин темир тосмо менен курчоо;

13. Көпүрө-Базар айылындагы баштапкы суу топтоочу жайга кошумча резервуар куруу.

14 "Арал айылына муундар аралык социалдык, билим берүү жана эс алуу борборун куруу"

15. Арал айылынын күн чыгыш тарабына заманбап кичи футбол аянтчасын куруу ;

2. **Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына:**

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн долбоорлорду Галас райондук өнүктүрүү фондусунун талаптарына ылайык тиешелүү документтери менен белгиленген тартипте сунуштоо;
- долбоорлор боюнча зарыл болгон долбоорлоо-сметалык документтерди, техникалык негиздемелерди жана башка тиешелүү документтерди даярдоону камсыз кылуу;
- долбоорлорду ишке ашырууга байланыштуу каржылоо, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын жана башка мыйзамга тыюу салынбаган булактардын эсебинен кошумча каржылоо зарыл болгон учурда, тиешелүү маселелерди мыйзамдарда белгиленген тартипте кароого киргизүү милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн долбоорлорду каржылоо Галас райондук өнүктүрүү фондунун тиешелүү чечимине ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөрү белгиленсин.

4. Долбоорлорду ишке аныруула сатып алууларды жүргүзүү, курулуш-монтаждоо иштерин аткаруу, товарларды жана жабдууларды алуу, ошондой эле бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыз кылынсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүктөн кирсин.

Торгобой

Э.Р.Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 202 ТОКТОМУ

28- октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Дем берүүчү үлүштүк грантка сунушталган долбоорлорго макулдук берүү жөнүндө

Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дем берүүчү үлүштүк грант аркылуу каржылоого сунушталып жаткан долбоорлор жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап, Каракол айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу, муниципалдык имараттарды оңдоо жана айылдык инфраструктураны оңуктүрүү максатында, оңдоодой эле Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алып, Каракол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтү тарабынан Талас райондук оңуктүрүү фондусуна дем берүүчү үлүштүк гранттын алкагында каржылоого сунушталып жаткан төмөнкү долбоорлорду ишке ашырууга жана фонддун кароосуна киргизүүгө макулдук берилсин:

1.1. Каракол айыл аймагына карашгуу Үч-Эмчек айылындагы Касым Каимов атындагы орто мектебинин айланасын темир тосмолор менен курчоо жана кирс беришинин алдына брусчатка төшөө,

1.2. Каракол айыл өкмөтүнүн административдик имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү;

1.3. Арал айылындагы Үмөт Молдо атындагы бала бакчанын филиалына ашкана (очоккана) жана камна куруу,

1.4. М. Сейталиев атындагы орто мектепке каратуу спорт залды капиталдык оңдоодон өткөрүү.

2. Дем берүүчү үлүштүк гранттын алкагында сунушталган долбоорлорду ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттен **өздүк салым каржылоо каралсын.** Өздүк салымдын так өлчөмү долбоордук-сметалык документтер даярдалгандан кийин жана жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде белгиленген тартипте аныкталсын.

3. **Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына:**

- жогоруда көрсөтүлгөн долбоорлор боюнча тиешелүү документтерди, техникалык тапшырмаларды жана долбоордук-сметалык документтерди белгиленген тартипте даярдоо;
- дем берүүчү үлүштүк гранттын талаптарына ылайык долбоорлорду каржылоого жергиликтүү бюджеттен өздүк салым бөлүү маселесин карап чыгуу жана каржылоону жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнө, бекитилген бюджеттик каражаттарга жана колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык камсыз кылуу;
- долбоорлордун жалпы наркы, гранттан суралуучу каражаттардын жана жергиликтүү бюджеттен каржыланууучу өздүк салымдын так өлчөмү тиешелүү эсептөөлөрдүн жана долбоордук-сметалык документтердин негизинде аныкталсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Э.Р. Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 203 ТОКТОМУ

28- октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Каракол айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясынын чечимдерин жактыруу, 2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү жана жергиликтүү бюджетке өзгортүүлордү киргизүү жөнүндө

Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-октябрындагы № 2 протоколдук чечимдерин карап чыгып, талкуулап, 2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жүрүшүн, бюджеттик каражаттарды максаттуу пайдалануу маселелерин, ошондой эле 2026-жылдын 26-октябрында республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке кошумча түшкөн акча каражатын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78, 103 жана 115-беренелерин, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Каракол айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-октябрындагы № 2 протоколдук чечимдери ушул токтомдун жоболорун эске алуу менен жактырылсын.

2. 2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча Каракол айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программанын аткарылышы жөнүндө маалымат эске алынсын.

2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча бюджеттик каражаттардын 1 069,8 миң сом өлчөмүндөгү калдыгы, атайын каражаттардын эсебине түшкөн 280,0 мин сом жана үнөмдөлгөн 57,2 миң сом, жалпы суммасы 1 407,0 миң сом болгон каражаттын эсебинен төмөнкү чыгымдарды

каржылоого, тиешелүү бюджеттик каражаттардын болушун, бюджеттик классификацияга шайкештигин жана мыйзамдарда белгиленген жол-жоболордун сакталышын камсыз кылуу шарты менен уруксат берилсин:

1. «АКИПРЕСС» маалымат агентгинин кызмат көрсөтүүлөрүнө — 50,0 мин сом;
2. «БАЛ СТАНДАРТ» ЖЧКсынын кызмат көрсөтүүлөрүнө — 116,5 мин сом;
3. Өтмөк ашуусундагы «Арка» объектисинин жанында жайгашкан эс алуу пунктунун (Rest Point) жер участогун топографиялык тартуу (топосъёмка) иштерине — 30,9 мин сом;
4. Копуро-Базар айылдык тургуну, жалгыз бой эне Аликеева Калемкаштын пайдасын курууга зарыл болгон курулуш материалдарын сатып алууга — 92,0 мин сом;
5. Өтмөк ашуусундагы «Арка» объектисинин жанында жайгашкан эс алуу пунктунун (Rest Point) сметалык документтерин даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрүгө — 31,0 мин сом;
6. Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги «Спринтер» үлгүсүндөгү 3 даана кызматтык автотранспорт каражатынын жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандырууга (ОСАГО) — 38,5 мин сом;
7. Айыл чарба каттоосу боюнча окууга катышкан адамдардын чыгымдарын төлөөгө — 21,9 мин сом;
8. Каракол айыл өкмөтүнүн расмий веб сайтын тейлөө жана ага байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрүгө — 15,0 мин сом;
9. Өтмөк ашуусундагы «Арка» объектисинин жанында жайгашкан эс алуу пунктунун (Rest Point) айланасын жашылдандырууга — 36,0 мин сом;
10. «Мамлекеттик лизинг» ачык акционердик коому аркылуу лизингге алынган кызматтык автотранспорт каражаты боюнча төлөмдөрдү жүргүзүүгө — 50,0 мин сом,
11. Суу топтоочу резервуарларга акылдуу эсептегичтерди сатып алууга — 58,0 мин сом;
12. Солго-Арык каналын Талас суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү үчүн топографиялык тартуу (топосъёмка) иштерине — 337,2 мин сом.

Көрсөтүлгөн чыгымдардын жалпы суммасы **897,0 мин сомду** түзөрү белгиленсин. Анын ичинен 559,8 мин сому жергиликтүү бюджеттин бюджеттик каражаттарынан, 337,2 мин сому жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттарынын эсебинен каралгансын.

3. Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн чыгымдарды каржылоого 897,0 мин сом багытталгандан кийин, жалпы 1 407,0 мин сом каражаттын эсебинен калган 510,0 мин сом бюджеттик каражаттын чыгымдар багыты өзгөртүлүп, жергиликтүү бюджеттин социалдык ишчаралар боюнча 2215 экономикалык классификациялык статьясына багытталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 12-октябрындагы №775-т санду тескемесинин негизинде республикалык

бюджеттен Каракол айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине 2026 жылдын 26-октябрында дыйкан чарбалардын жер салыгынын ордун толтуруу максатында түшкөн 1 081 800 (бир миллион сексен бир мин сегиз жүз) сом зона каражаты жергиликтүү бюджеттин кирешe болүгүнүн тиешелүү тартипте чагылдырылсын. Аталган каражаттын түшүү негизин жана максаттуу багытын мрастаган документтерге ылайык, бюджеттик мыйзамдардын талаптарын сактоо менен, жергиликтүү бюджеттин айыл өкмөтү болүмүнүн 2215-экономикалык классификациялык статьясына багытталсын.

5. Ушул токтомдун 3 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн каражаттарды пайдалануудa бюджеттик каражаттардын максаттуу багыты, бюджеттик классификациянын талаптары жана бекитилген бюджеттик болүүлөр сакталсын. Күтүлбөгөн жана башка зарыл чыгымдарга каражат бөлүү зарыл болгон учурда, мындай чыгымдар Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарында белгиленген тартипте, зарыл болгон учурда айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну онүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын макундугу жана айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругунун негизинде жүргүзүлсүн.

6. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы жана тиешелүү жоонтуу кызматкерлери:

- ушул токтомдун негизинде каралган чыгымдардын жергиликтүү бюджетте тиешелүү бюджеттик классификация боюнча чагылдырылышын жана каржылоонун мыйзамдуулугун камсыз кылсын;
- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жүргүзсүн;
- курулуш жана орнотуу иштерин тиешелүү долбоордук-сметалык документтердин, зарыл уруксаттардын жана башка белгиленген талаптардын негизинде уюштурсун;
- бюджеттик каражаттардын максаттуу, натыйжалуу жана үнөмдүү пайдаланылышын, ошондой эле жүргүзүлгөн чыгымдар боюнча тиешелүү баштапкы эсепке алуу жана отчеттук документтердин болушун камсыз кылсын;
- ушул токтомдун аткарылышы боюнча тиешелүү финансылык жана бухгалтердик отчетторду белгиленген тартипте жүргүзсүн.

7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну онүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүрүзүлө кирсин.

Тораңын

Э.Р. Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 204 ТОКТОМУ

28-октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 токтомун ишке ашыруу жана комүү жайларын брондоо боюнча кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентин аныктоо жөнүндө

Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамаатар менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-октябрындагы отурумунда каралган маселени талкуулап, комиссия мүчөлөрүнүн жана депутаттардын сунуштарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Маркумду узатуу жана соогун жайга коюу ири жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтомун жетекчиликке алып, жергиликтүү жамааттын пикирин эске алуу жана комүү жайларын брондоо боюнча кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентин мыйзам талаптарына ылайык аныктоо максатында Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 токтомун ишке ашыруу боюнча көмүү жайларын брондоо маселеси жана кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентин аныктоо зарылдыгы боюнча жергиликтүү жамааттын пикирин алуу максатында маселе жалпы элдик жыйындын кароосуна чыгарылсын.

2. Каракол айыл окмөтүнүн башчысына:

2.1. Каракол айыл аймагынын айылдарында жалпы элдик жыйын өткөрүүнү уюштуруп, күн тартибине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 502 токтомун ишке ашыруу, комүү жайларын брондоо тартиби жана кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентин аныктоо маселелери киргизилсин.

2.2. Жалпы элдик жыйындын катышуучуларына көмүү жайларын брондоонун колдонуудагы тартиби, паркты эсептөөнүн принциптери жана кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентин аныктоонун укуктук негиздери жонүндө түшүндүрмө берилсин.

2.3. Жалпы элдик жыйындын жүрүшүндө айтылган сунуштар, пикирлер жана кабыл алынган чечим протокол менен таризделип, Каракол айылдык кеңешинин кароосуна киргизилсин.

2.4. Көмүү жайларын брондоо боюнча кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентинин долбоорун даярдоодо тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси, алардын экономикалык негиздемеси жана эсептөөлорү такталып, мыйзамдардын талаптарына ылайык сунуш киргизилсин.

3. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына жана тиешелүү кызмат адамдарына жалпы элдик жыйындын жыйынтыгы боюнча даярдалган материалдарды Каракол айылдык кеңешинин кароосуна белгиленген тартипте киргизүү милдеттендирилсин.

4. Көмүү жайларын брондоо боюнча кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентин бекитүү маселеси жалпы элдик жыйындын сунуштарын эске алуу менен Каракол айылдык кеңешинин өзүнчө токтомунун долбоору катары каралсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзомөлдөө Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

6. Ушул токтом мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Тоталым

Э. Р. Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кенешинин кезектеги XV - сессиясынын № 205 ТОКТОМУ

28-октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Каракол айыл аймагындагы № 3 айылдык китепкананы маалыматтык-коммуникациялык борборго кайра уюштуруу жана мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2026-жылдын 25-июндагы № 45661 тапшырмасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-июлундагы № 624 тескемесин ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин айылдык китепканаларды маалыматтык-коммуникациялык борборлорго кайра уюштуруу боюнча келип түшкөн расмий катын карап чыгып, Каракол айыл аймагындагы калкка китепкана жана маалыматтык кызматтарды көрсөтүүнү жакшыртуу, китепканалардын ишин заманбап талаптарга ылайык уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын жана юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамдарды жетекчиликке алып, Каракол айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин айылдык китепканаларды маалыматтык-коммуникациялык борборлорго кайра уюштуруу боюнча расмий катты аткарууга кабыл алынсын.

2. Каракол айыл аймагындагы № 3 айылдык китепкананы маалыматтык-коммуникациялык борборго кайра уюштурууга, анын сакталууга тийиш болгон китепканалардын тизмесине киргизилгендигин жана кайра уюштуруунун мыйзамдарда белгиленген талаптарга шайкештигин ырастаган документтердин негизинде, макулдук берилсин.

3. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына төмөнкү иштерди аткаруу милдеттендирилсин:

3.1. № 3 айылдык китепкананы маалыматтык-коммуникациялык борборго кайра уюштурууга байланыштуу зарыл уюштуруучулук жана укуктук документтерди даярдоо;

3.2. Маалыматтык-коммуникациялык борбордун уюштуруучулук укуктук статусун, аталышын, ишинин максаттарын жана милдеттерин мыйзамдарга ылайык аныктоо;

3.3. Борбордун уставынын долбоорун даярдап, аны бекитүүгө ыйгарым укуктуу органга белгиленген тартипте киргизүү;

3.4. Борборду мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн зарыл документтерди даярдоо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тиешелүү каттоочу органга тапшыруу;

3.5. Китепкананын мүлкүнүн, китеп фондунун, материалдык баалуулуктарынын, документтеринин жана башка активдеринин сакталышын, ошондой эле аларды өткөрүп берүү жана эсепке алуу иштеринин мыйзам талаптарына ылайык жүргүзүлүшүн камсыз кылуу;

3.6. Борбордун ишин уюштуруу, каржылоо, штаттык түзүмүн аныктоо жана кызматкерлерге байланыштуу маселелерди колдонуудагы мыйзамдарга ылайык чечүү;

3.7. Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине белгиленген тартипте маалымат берүү.

4. Маалыматтык-коммуникациялык борборду мамлекеттик каттоодон өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамдарынын талаптары сакталсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамаат менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрайым **Э.Р. Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 206 ТОКТОМУ

28- октябрь 2026-жыл Арал айылы

Каракол айыл аймагындагы китепканалардын, маданият үйлөрүнүн жана клубдардын ишин уюштуруу, маданий иш-чараларды өткөрүү жана имараттарды пайдалануу тартиби жөнүндө

Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-октябрында өткөн отурумунда 2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча Каракол айыл аймагындагы китепканалардын, маданият үйлөрүнүн жана музейлердин ишин уюштуруу, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу маселеси каралган. Отурумда маданий мекемелер тарабынан аткарылган иштер канааттандырарлык деп бааланып, өзгөчө Арал жана Көпүрө-Базар айылдарындагы айылдык китепканалардын ишмердүүлүгү белгиленген. Ошондой эле айылдык клубдарда жана маданият үйлөрүндө кино көрсөтүү, концерттик жана башка маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн алынуучу ижара акысынын өлчөмү, иш-чаралардан кийин имараттарда жана алардын айланасында калган таштандыларды тазалоого байланыштуу маселелер талкууланган. Маданий иш-чараларды уюштуруучулар үчүн жеткиликтүү шарттарды сактоо, айылдарда кино көрсөтүүлөрдүн жана концерттердин үзгүлтүксүз өткөрүлүшүнө көмөктөшүү, муниципалдык мүлктү сарамжалдуу пайдалануу, тазалыкты камсыз кылуу жана маданият кызматкерлеринин эмгегин эске алуу максатында, Каракол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын

укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясынын 2006-жылдын 8-октябрындагы отурумунда каралган маселе боюнча маалыматы эске алынсын.

2. Каракол айыл аймагындагы китепканалардын, маданият үйлөрүнүн жана клубдардын ишин жакшыртуу, калктын маданий иш-чараларга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана жергиликтүү маданиятты өнүктүрүү боюнча иштер улантылсын. Арал жана Көпүро-Базар айылдарындагы айылдык китепканалардын иш тажрыйбасы белгиленип, алардын ишмердүүлүгүн мындан ары да колдоо сунушталсын.

3. Айылдык клубдарда жана маданият үйлөрүндө кино көрсөтүү, концерттик жана башка маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн имараттарды пайдалануунун төмөнкү талаптар сакталсын:

3.1. Маданий иш-чараларды уюштуруучулар менен имаратты пайдалануу шарттары алдын ала макулдашылсын.

3.2. Иш-чараны уюштуруучулар өткөрүлгөн иш-чарадан кийин пайдаланылган жайды жана анын айланасын тазалоого, пайда болгон гаптандыларды жыйноого жана белгиленген жайга чыгарууга милдеттүү болушсун.

3.3. Имараттын, эмеректердин жана башка муниципалдык мүлктүн сакталышы камсыз кылынсын. Мүлккө зыян келтирилген учурда, аны калыбына келтирүү маселеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилсин.

3.4. Маданият кызматкерлерине негизсиз кошумча жумуш жүктөөгө жол берилбесин жана имаратты пайдалануунун шарттары иш-чараны уюштуруучуларга алдын ала түшүндүрүлсүн.

4. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына:

4.1. Айылдык клубдарды жана маданият үйлөрүн кино көрсөтүү, концерттик жана башка маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн пайдалануунун тартибин иштеп чыгуу;

4.2. Имараттарды пайдалануу үчүн алынуучу ижара акысынын учурдагы өлчөмүнө талдоо жүргүзүп, коммуналдык чыгымдарды, тазалоо иштерин жана муниципалдык мүлктү күтүүгө байланыштуу чыгымдарды эске алуу менен экономикалык жактан негизделген сунуштарды даярдоо;

4.3. Ижара акысынын өлчөмүн аныктоодо кино көрсөтүүлөрдүн жана концерттик топтордун айылдарга келишине тоскоолдук жаратпоо, маданий кыймараттардын калк үчүн жеткиликтүүлүгүн сактоо жагдайларын эске алуу;

4.4. Имараттарды пайдалануу шарттарын, тазалыкты камсыз кылуу боюнча милдеттерди жана мүлктүн сакталышына байланыштуу талаптарды ижара же пайдалануу келишимдеринде көрсөтүү маселесин карап;

4.5. Ижара акысынын өлчөмүн өзгөртүү зарыл болгон учурда, тиешелүү эсептөөлөрдү жана негиздемелерди даярдап, бекитүү үчүн белгиленген тартипте айылдык кеңешке киргизүү милдеттендирилсин.

5. Айылдык клубдардын жана маданият үйлөрүнүн жетекчилеринс, ошондой эле тиешелүү маданият кызматкерлерине маданий иш-чараларды уюштуруучулар менен өз ара кызматташууну күчөтүү, тазалыкты сактоо боюнча талаптарды алдын ала түшүндүрүү жана муниципалдык мүлктүн сакталышын көзөмөлдөө сунушталсын.

6 Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

7. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрайым **Э.Р. Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV сессиясынын № 207 ТОКТОМУ

28- октябрь 2026-жыл Арал айылы

2027-жылга Каракол айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө

Каракол айыл аймагынын 2027-жылга социалдык экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорун, коомдук угуулардын жүрүшүндө жергиликтүү тургундар тарабынан берилген сунуштарды, айыл аймагын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын, ошондой эле Талас өнүктүрүү фондусуна жана түрткү берүүчү гранттарга сунушталып жаткан долбоорлорду эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, Каракол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын 2027-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы коомдук угуулардын жыйынтыгында түшкөн сунуштарды жана айыл аймагынын өнүгүү артыкчылыктарын эске алуу менен ылайык бекитилсин.

2. 2027-жылы Талас өнүктүрүү фондусуна жана түрткү берүүчү гранттарга сунушгоо шандалып жаткан долбоорлор тиешелүү эсептөөлөрү, сметалык наркы, каржылоо булактары жана ишке ашыруу мөөнөтүрү такталып, Каракол айыл аймагынын 2027-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына киргизилсин.

3. Каракол айыл өкмөтүнө:

бекитилген социалдык экономикалык өнүктүрүү программасында каралган иш-чараларды ишке ашыруу боюнча тиешелүү иштерди уюштуруу;

Талас өнүктүрүү фондусуна жана түрткү берүүчү гранттарга сунушталуучу долбоорлор боюнча керектүү документтерди, техникалык-экономикалык негиздемелерди жана сметалык эсептөөлөрдү даярдоо;

долбоорлорду каржылоо булактарын аныктоо жана тиешелүү конкурстарга белгиленген тартипте катышуу;

программанын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана анын жыйынтыктары жөнүндө айылдык кеңешке белгиленген тартипте маалымат берүү милдеттендирилсин.

4. 2027-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүдө жана кароңдо бекитилген социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасындагы артыкчылыктуу багыттар жана иш-чаралар Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык эске алынсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Тора[illegible] Э.Р.Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 208 ТОКТОМУ

28- октябрь 2026-жыл Арал айылы

Каракол айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин 2026-2027-жылдарын күз-кыш мезгилине даярдыгы жана коопсуз иштөөсүн камсыз кылуу жөнүндө

Каракол айыл аймагындагы жалпы билим берүүчү мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын 2026-2027-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдыгы жөнүндө мекеме жетекчилеринин маалыматтарын угуп жана талкуулап, жылытуу түзүмдарынын, электр жабдууларынын жана окуу жайлардын имараттарынын коопсуз абалын камсыз кылуу, окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун коргоо, күз-кыш мезгилинде мекемелердин үзгүлтүксүз иштөөсүнө шарт түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 29-январындагы № 34 токтомун жетекчиликке алып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы жалпы билим берүүчү мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин 2026-2027-жылдарын күз-кыш мезгилине даярдыгы жөнүндө маалыматтары эске алынсын.

2. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына төмөнкү иштерди уюштуруу жана тиешелүү чараларды көрүү милдеттендирилсин.

2.1. К. Напаев атындагы Арал орто мектебиндеги жылытуу үчүн колдонулуучу мектеп абалы адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч жаратып жатканы жөнүндө маалыматты эске алуу менен, мектеп тиешелүү адистердин катышуусунда шашылыш текшерүү уюштурсун.

Коопсуз пайдалануга жараксыздыгы аныкталган учурда, аны пайдалануунү токтотуу жана алмаштыруу боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн.

2.2. Аталган мек мектептин жаны имаратын курууга жооптуу подрядык уюмдун кепилдик милдеттенмелеринде киреши тактап, тиешелүү документтердин негизинде подрядык уюмга мекги коопсуз талаптарга ылайык алмаштыруу жонүндө расмий кайрылуу жиберсүн. Эгерде бул мек подрядык уюмдун милдеттенмелерине кирбесе, аны кармалоонун майлалуу бузгандыгы жана жоопту тарапты аныктап, маселени белгиленген тартипте чечүү боюнча сунуш киргизсин.

2.3. Касым Каимов атындагы орто мектептин трансформатордук комөкчордонуна тиешелүү электр кабелиндеги мектеп директору тарабынан алмаштыруу зарылдыгы билдирилген «ПП» элементин тиешелүү электр адистеринин катышуусунда текшерүүнү уюштурсун. Анын техникалык абалы жана алмаштыруунун зарылдыгы аныкталган учурда, электр коопсуздугунун талаптарын сактоо менен жоопту тарапты жана кармалоо булагын аныктап, ишти ыкчам тартипте аткаруу боюнча чараларды көрсүн.

2.4. Касым Каимов атындагы орто мектептин класс-кабинеттеринлеги сынган пластик терезе айнектерин алмаштыруу маселесин карасын. Терезе рамкалары жарактуу абалда экени жана сынык, зарыл болгон айнектердин санын жана алмаштыруу чыгымдарын аныктап, бул иштерди тиешелүү каржылоо булагынын эсебинен аткаруу боюнча чараларды көрсүн.

2.5. Жогоруда көрсөтүлгөн иштердин ар бири боюнча имараттардын жана жабдуулардын баланстык таандыктыгын, подрядык уюмдардын кепилдик милдеттенмелерин, мектептердин бекитилген чыгымдар сметаларын жана коопсуздугу боюнча бюджеттик каржылоо тартибин тактасын. Зарыл болгон учурда тиешелүү мамлекеттик органдар жана билим берүү мекемелеринин жетекчилери менен биргеликте маселелерди чечүү боюнча сунуштарды даярдасын.

2.6. Каракол айыл аймагындагы бардык билим берүү мекемелеринин күз-кыш мезгилине даярдыгын кайрадан текшерүүнү уюштурсун, жылытуу түтүмдөрүнүн, электр жабдууларынын, эшик-терезелердин жана башка маанилүү инженердик түтүмдардын коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурсун. Аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча иш-чаралардын планын жана аткаруу мөөнөттөрүн белгилесин.

3. Жалпы билим берүүчү мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерине:

- мекемелердин күз-кыш мезгилине даярдыгын өз убагында жана сапаттуу камсыз кылуу;

- жылытуу жана электр жабдууларын коопсуз пайдалануу, алардын техникалык абалын үзгүлтүксүз көзөмөлдөө,
- аныкталган кемчиликтер жана аларды жоюу үчүн зарыл болгон чыгымдар жөнүндө айыл өкмөтүнө расмий маалымат берүү;
- өз компетенциясынын чегинде коопсуздук талаптарын сактоо жана авариялык кырдаалдардын алдын алуу боюнча тиешелүү чараларды көрүү милдеттери белгиленсин.

4. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн иштерди аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу Каракол айылдык кеңешинин тиешелүү туруктуу комиссиясына маалымат берсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жаштар спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

6. Ушул токтом мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрайым **Э. Р. Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 209 ТОКТОМУ

28- октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

«Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын финансылык чарбалык иши жөнүндө жана жайыт төлөмдөрүнөн түшкөн каражаттарды максаттуу пайдалануу тууралуу

Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана гыпкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-октябрындагы № 2 протоколдук чечимин карап чыгып, «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын финансылык-чарбалык ишине байланыштуу масселелерди талкуулоонун жүрүшүндө айыл чарба техникаларын ижарага берүүдөн түшкөн төлөмдөр, жайыт төлөмдөрү, кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринен жана антенналар орнотулган жерлерден түшүүчү ижара акысы, түзүлгөн келишимдер жана ишкананын бюджетинин аткарылышы боюнча так, толук жана документтер менен ырасталган маалыматтар берилбегендигин, ошондой эле 2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча жайыт төлөмдөрүнөн түшкөн кирешелердин көлөмү жергиликтүү бюджетте бекитилген 700,0 миң сомдук көрсөткүчтөн ашкандыгын эске алып, жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртуу, муниципалдык ишкананын финансылык тартибин бекемдөө жана бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексин, Бюджеттик кодексин, Эмгек кодексин, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы № 301 токтомун жетекчиликке алып, Каракол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча жайыт төлөмдөрүнөн түшкөн кирешелердин көлөмү жергиликтүү бюджетте бекитилген 834,0 (сегиз жүз отуз төрт) миң сомдук көрсөткүчтөн ашканы эске алынсын.

Жайыт төлөмдөрүнөн бекитилген киреше планынан ашыкча түшкөн каражаттардын так суммасы казыналык жана бухгалтердик эсептин документтеринин негизинде аныкталсын. Аталган ашыкча түшкөн каражаттар Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде белгиленген талаптарга, жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планына, жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык, жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга, ондоого жана калыбына келтирүүгө максаттуу багытталсын. Каракол айыл өкмөтүнө жайыт төлөмдөрүнөн ашыкча түшкөн каражаттарды пайдалануу үчүн жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин мыйзамда белгиленген тартипте айылдык кеңештин тиешелүү тармактык туруктуу комиссиясынын кароосуна киргизүү менен аткаруу жагы тапшырылсын. Бюджеттик өзгөртүүлөр бекитилгенден кийин, тиешелүү каражаттар жайыт инфраструктурасын жакшыртуу боюнча бекитилген иш-чаралардын жана чыгашалар сметасынын негизинде «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасына максаттуу пайдалануу үчүн казыналык тартипте бөлүнүп берилсин.

2. Каракол айыл кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык меншик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 8-октябрындагы № 2 протоколдук чечими ушул төмөнкүдөй белгиленген талаптарды жана тапшырмаларды эске алуу менен жактырылсын.

3. «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын финансылык-чарбалык ишин талкуулоодо төмөнкүдөй кемчиликтер аныкталганы белгиленсин:

- жайыт төлөмдөрүнүн эсептелиши, чогултулушу, төлөнүшү жана карыздардын абалы боюнча толук жана так маалымат берилген эмес;
- айыл чарба техникаларын ижарага берүүдөн, кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринен жана антенналар орнотулган жерлерден түшүүчү ижара акыларынын эсептелиши жана төлөнүшү боюнча маалыматтар толук көрсөтүлгөн эмес;
- тиешелүү келишимдердин саны, түзүлгөн даталары, мөөнөттөрү, келишимдик суммалары, төлөмдөрдүн ишке жүзүндө түшкөн көлөмү жана төлөнбөй калган карыздар боюнча бирдиктүү, такталган маалымат сунушталган эмес;
- финансы-экономика бөлүмү тарабынан түзүлгөн келишимдер жана алар боюнча милдеттенмелер жөнүндө толук маалымат берилген эмес;
- муниципалдык ишкананын бюджетинин аткарылышы боюнча кирешелер менен чыгашалардын суммалары көрсөтүлгөнү менен, чыгашалардын экономикалык мазмуну, беренелер боюнча түзүмү, негиздемелери жана документтер менен ырасталышы жетиштүү деңгээлде берилген эмес. Аталган кемчиликтер муниципалдык ишкананын финансылык-чарбалык ишине, муниципалдык мүлктү пайдалануу жана төлөмдөрдүн өз убагында түшүшүнө натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүгө тоскоолдук жарата тургандыгы белгиленсин.

4. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына жана «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын жетекчисине жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтердин орун алышына жол бергендиги үчүн тиешелүү жоопкер кызматкерлердин кызматтык милдеттерин аткаруусуна кызматтык баа берүү, кызматтык текшерүү жүргүзүү жана күнөөсү аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде белгиленген тартипте тартиптик чара көрүү маселесин кароо сунуштансын. Тартиптик чара көрүүдө кызматкерлердин кызматтык милдеттери, күнөөсү, тартиптик жоруктун жагдайлары жана мыйзамдарда белгиленген жол-жоболор сакталсын.

5. «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын жетекчисине, башкы бухгалтерине, жайыт маселелери боюнча жоопкер кызматкерлерине жана Каракол айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө төмөнкү тапшырмалар жүктөлсүн:

5.1. Ушул токтомдун 3-пунктунда көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

5.2. Муниципалдык ишкананын 2026-жылдагы финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыгын чыгарууда төмөнкү багыттар боюнча такталган, толук жана өз ара салыштырылган маалыматтар даярдалып, айылдык кеңештин кароосуна киргизилсин:

- **Жайыт төлөмдөрү боюнча:** төлөөчүлөрдүн тизмеси, төлөнүүгө тийиш болгон суммалар, иш жүзүндө төлөнгөн каражаттар, төлөнбөгөн карыздар, карыздардын келип чыгуу себептери жана аларды өндүрүү боюнча көрүлгөн чаралар;
- **Айыл чарба техникаларын ижарага берүү боюнча:** ижарага берилген техникалардын түрлөрү, ижарачылар, түзүлгөн келишимдер, келишимдер боюнча төлөнүүгө тийиш болгон жана иш жүзүндө түшкөн суммалар, карыздар жана техникаларды пайдалануунун натыйжалары;
- **Кайра болүштүрүү фондусунун жерлери боюнча:** ижарага берилген жер тилкелеринин тизмеси, аянттары, ижарачылар, келишимдердин мөөнөтөрү, ижара акысынын өлчөмү, эсептелген жана иш жүзүндө төлөнгөн суммалар, карыздар;
- **Антенналар орнотулган жерлер боюнча:** жер тилкелеринин жайгашкан жери, ижарачылар же пайдалануу укугуна ээ жактар, түзүлгөн келишимдер, ижара акысынын өлчөмү, төлөмдөрдүн түшүшү жана карыздардын абалы;
- **Келишимдер боюнча:** түзүлгөн, колдонуудагы жана мөөнөтү аяктаган келишимдердин өзүнчө тизмеси, келишимдердин негизги шарттары, төлөмдөрдүн өлчөмү, аткарылышы жана келишимдик милдеттенмелердин сакталышы.

5.3. Ар бир киреше булагы боюнча эсептелген, төлөнүүгө тийиш болгон жана иш жүзүндө түшкөн каражаттар өз-өзүнчө көрсөтүлүп, алардын ортосундагы айырмачылыктар түшүндүрүлсүн. Төлөмдөрдүн түшүшүн ырастаган банктык көчүрмөлөр, казыналык документтер, кассалык документтер, эсепке алуу маалыматтары жана башка тиешелүү башталкы документтердин негизинде салыштырып текшерүү жүргүзүлсүн.

5.4. «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын 2026 жылдагы кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтар ар бир киреше булагы жана чыгаша беренеси боюнча өзүнчө ачып көрсөтүлсүн. Чыгашалардын курамы, анын ичинде эмгек акыга, социалдык төлөмдөргө, күйүүчү-майлоочу материалдарга, техникаларды ондоого, гейлөөгө жана башка муктаждыктарга жумшалган каражаттар тиешелүү эсептик жана баштапкы документтер менен ырасталсын.

5.5. Муниципалдык ишкананын кирешелери менен чыгашаларынын ортосундагы айырмачылыктар, чыгашалардын негиздемеси, ишкананын финансылык натыйжасы жана бюджеттин аткарылышынын себептери боюнча түшүндүрмө даярдалсын. Киреше жана чыгаша корсөткүчтөрүн дал келтирүү менен гана чектелүүгө жол берилбесин.

5.6. Ишкананын жетекчиси жана башкы бухгалтери даярдалган маалыматтардын такгыгына, толуктугуна жана документтер менен ырасталышына өз компетенцияларынын чегинде жооптуу экендиги эскертилсин. Маалыматтарды даярдоодо аныкталган айырмачылыктар жана кемчиликтер жашырылбастан, алардын себептери жана жоюу жолдору көрсөтүлсүн.

5.7. Жайыт төлөмдөрүнөн түшкөн каражаттардын эсепке алынышы, болүштүрүлүшү жана пайдаланылышы Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин талаптарына, жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планына, жайыттарды пайдалануунун жылдык планына жана бюджеттик мыйзамдарга ылайык жүргүзүлсүн.

5.8. Жайыт инфраструктурасын ондоо жана жакшыртуу боюнча иш-чаралардын тизмеси, алардын сметалык наркы жана аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн иш-чаралар планы даярдалып, айыл окмөтүнө сунушталсын.

5.9. Муниципалдык ишкананын кирешелерин көбойтүү, төлөмдөрдүн өз убагында түшүшүн камсыз кылуу, карыздарды өндүрүү, келишимдерди талаптагыдай жүргүзүү жана муниципалдык мүлктү натыйжалуу пайдалануу боюнча конкреттүү иш-чаралардын планы даярдалсын.

6. Каракол айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө:

6.1. Муниципалдык ишканага тиешелүү түзүлгөн келишимдердин, ижара акыларынын жана башка төлөмдөрдүн эсептелишин, түшүшүн жана карыздардын абалын ишкананын баштапкы документтери менен салыштырып текшерүү тапшырылсын.

6.2. Түзүлгөн келишимдердин толук тизмеси, келишимдер боюнча төлөнүүгө тийиш болгон суммалар, иш жүзүндө түшкөн каражаттар жана төлөнбөгөн карыздар боюнча маалыматтарды системалаштырып, муниципалдык ишкананын жетекчилиги менен биргеликте тактанган маалымат даярдалсын.

6.3. Муниципалдык ишкананын финансылык отчетторундагы киреше жана чыгаша көрсөткүчтөрүнүн негиздүүлүгүнө, алардын тиешелүү эсепке алуу документтери менен ырасталышына жана маалыматтардын өз ара шайкештигине талдоо жүргүзүлсүн.

6.4. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча аныкталган айырмачылыктар, кемчиликтер жана аларды жоюу боюнча супуштар жазуу жүзүндө даярдалып, айылдык кеңештин кароосуна киргизилсин.

7. «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасынын жетекчисине жана жооптуу кызматкерлерине:

7.1. Ушул токтомдо көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп, 2026-жылдын жылдык жыйынтыгы боюнча толук жана так маалымат айылдык кеңештин кароосуна киргизилсин.

7.2. Айылдык кеңештин депутаттарына жана тиешелүү туруктуу комиссияга суроо-талап боюнча ишкананын финансылык-чарбалык ишине тиешелүү документтер мыйзамда белгиленген тартипте берилсин.

7.3. Кийинки отчеттук мезгилдерде кирешелер жана чыгашалар боюнча маалыматтар баштапкы эсепке алуу документтеринин негизинде даярдалып, ар бир киреше булагы жана чыгаша беренеси боюнча өзүнчө көрсөтүлсүн. Келишимдердин аткарылышы, төлөмдөрдүн түшүшү жана карыздардын абалы үзгүлтүксүз көзөмөлдөнсүн.

8. Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан ушул токтомдун аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн иштер жана аныкталган кемчиликтерди жоюунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат айылдык кеңештин кароосуна киргизилсин.

9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

10. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрагым **Э.Р. Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕЦЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кецешинин кезектеги XV - сессиясынын № 210 ТОКТОМУ

28- октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Айыл тургундарынан келип түшкөн арыз-кайрылууларды кароо жөнүндө

Каракол айыл аймагындагы айыл тургундарынан келип түшкөн арыз-кайрылууларды карап жана талкуулап чыгып, жергиликтүү тургундардын социалдык муктаждыктарын, жаштарды коллоо, билим берүү жана саламаттык сактоо мекемелеринин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу, ошондой эле калктын социалдык жактан корголушун камсыз кылуу маселелерин эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Каракол айылдык кецеши **токтом кылат :**

1. Үч-Эмчек айылынын жаштарынын көк бөрү улуттук оюнун өнүктүрүү жана жаштар арасында райондук деңгээлде өткөрүлүүчү мелленке катышуу үчүн уюштуруу иштерине зарыл болгон чыгындарды каржылоо максатында жергиликтүү бюджеттен 30 000 (отуз мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. К. Нанаев атындагы Арал орто мектебинин орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Апаркулова Динараныи сабак өтүүдө пайдалануу үчүн проектор сатын алууга каражат бөлүп берүү жөнүндөгү арызы канааттандырылын, проектор сатын алууга жергиликтүү бюджеттен 35 000 (отуз беш мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Арал айылындагы Досаалы уулу Жаныбай көчөсүнүн тургундарынын Талас дарыясынын нугун буруу жөнүндөгү арызы эске алынсын. Каракол айыл өкмөтүнө жана «Каракол таза аймак» муниципалдык ишканасына тиешелүү ыйгарым укуктуу суу чарба органдарынын адистери менен биргеликте жерине барып, арызда көрсөтүлгөн жагдайларды изилдөө, дарыянын жээгинин абалын, каяктуу конушка жана жарандардын турак

жайларына келтирилиши мүмкүн болгон коркунучтарды аныктоо жана тиешелүү корутунду алуу тапшырылсын.

Алынган корутундунун жана белгиленген тартипте макулдашылган техникалык документтердин негизинде мыйзам чегинде тиешелүү чаралар көрүлсүн.

4. Арал айылындагы № 8 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун (ҮДТ) жаракасыз абалга келген ийне сайуу бөлмөсүнүн тышкы эшигин алмаштыруу жана гиш дарыгери иштеген бөлмөгө жылытуу системасын киргизүү жөнүндөгү арызы канаатандырылып, Каракол айыл өкмөтүнө аталган медициналык мекемеге жеринде барып, зарыл иштердин көлөмүн жана сметалык наркын тактоо, каржылоо мүмкүнчүлүгүн аныктоо жана мыйзамдарда белгиленген тартипте аткаруу маселесин чечүү тапшырылсын.

5. Көнүрө-Базар айылынын "Психо-тилдин өнүгүүсүнүн кечеңдеши" ооруусу менен жабыркаган, 2021-жылы туулган тургуну Молдогазиев Рамзандын анасы Ибраимова Нургизанын уулунун Ташкент шаарына барып дарылануусуна байланыштуу үй бүлөсүнүн материалдык жардам көрсөтүү жөнүндөгү арызы канаатандырылып, медициналык документтердин жана тиешелүү ырастоочу документтердин негизинде жергиликтүү бюджеттен бир жолку материалдык жардам катары 70 000 (жетимиш мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

6. Ушул токтомдун 1, 2 жана 5-пункттарынан көрсөтүлгөн чыгымдарды каржылоого жергиликтүү бюджеттен жалпы 135 000 (бир жүз отуз беш мин) сом акча каражаты тиешелүү бюджеттик каражаттардын болушун жана бюджеттик классификациянын талаптарын сактоо менен каралсын.

Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы жана тиешелүү жөнөтүү кызматкерлери:

- бөлүнгөн каражаттардын жергиликтүү бюджетте мыйзам талаптарына ылайык чагылдырылышын;
- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун белгиленген тартипте жүргүзүлүшүн;
- бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын;
- жүргүзүлгөн чыгымдар боюнча тиешелүү финансылык жана отчеттук документтердин болушун камсыз кылсын.

7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрагасы Ж.Р. Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги XV - сессиясынын № 211 ТОКТОМУ

28- октябрь **2026-жыл** **Арал айылы**

Каракол айыл аймагынын Аксакалдар сотунун курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Каракол айыл өкмөтүнүн алдындагы Аксакалдар сотунун төрагасынын сотун курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө кайрылуусун каран жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 19-февралындагы № 52 «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамын, Аксакалдар сотторунун Типтүү регламентин жетекчиликке алып, Каракол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Аксакалдар сотунун мүчөлөрү Ж. Түзөкабылов менен З. Мүсүралиевдин өз ыктыяры менен курамдан чыгуу жөнүндө арыздары эске алынсын жана алар Аксакалдар сотунун курамынан чыгарылсын.
2. Аксакалдар Сотунун протоколунун негизинде Арал айылынын тургундары Султанов Күлчоро Акматалиевич жана Осокеев Талант Бекенович Каракол айыл аймагынын Аксакалдар сотунун мүчөлөрү болуп бекитилсин.
3. Аксакалдар сотунун төрагасы Аксакалдар сотунун курамына киргизилген өзгөртүүлөрдү мыйзамдарда белгиленген тартипте каттоого алуу жана тиешелүү документтерди жаңылоо боюнча чараларды көрсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каракол айылдык кеңешинин төрайымы Э.Р. Тилековага жүктөлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирсин.

Төрайым **Э.Р. Тилекова**